| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОН РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 9-июлу, №225 — Кара-Коо айылы

**Аймактагы өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу үчүн кошумча күйүүчү-майлоочу материалдарды (ГСМ) бөлүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин, «Жарандык коргонуу жөнүндө» Мыйзамын жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамын жетекчиликке алып, Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э.Эмилбековдун сунушун угуп, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын жана жалпы депутаттардын сунушу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Катуу жааган жамгырдын кесепеттерин жоюу иштерине тартылган атайын техникаларды күйүүчү-майлоочу материалдар (ГСМ) менен камсыздоо үчүн кошумча акча каражаты каралсын.

2. Өзгөчө кырдаалдарга каралган аппараттын 2215 беренесинен 150 000 сом ЖКХ 2214 беренесине которулсун.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э. Эмилбековго милдеттендирилсин.

4. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Т. Ормуковага тапшырылсын.

**Төрага** — **А.А. Мамбетов**